№78 М.Жолдошалиев атындагы орто мектеби.

Ачык саат: Кыргыз адабияты сабагы.

# Тема:Апыртмалар.



Мугалими:Калыгулова Райгул.


2021/10/20 10:44


2021/10/20 11:05

Сабактын максаты:

| | |
|---|---|
| -Апыртмалар боюнча түшүнүк алышат.<br>-Дидактикалык чыгарма экендигин билишет.<br>-Апыртылган чыгармалар менен таанышышыт | -Апыртмалар боюнча түшүнүк алышаса.<br>-Дидактикалык чыгарма экендигин билишсе.<br>-Апыртылган чыгарма менен таанышышса |
| -Окуучулардын элестетүүсү ,кабыл алуусу,кыялдануусу чыгармачылык ой жүгүртүүсү калыптанат. | -окуучулардын элестетүүсү,кабыл алуусу, Кыялдануусу,чыгармачылык ой жүгүртүүсү Калыптанса |
| | |
| -Чыгарманы окуу менен адамгерчиликке, эмгекчилдикке,мээримдүүлөккө тарбияланышат. | -Чыгарманы окуу менен адамгерчиликке ,эмгекчилдикке ,мээримдүүлүккө тарбияланышса |

Сабактын тиби:жаңы билим берүү сабагы.

Колдонулуучу ресурстар:методикалык колдонмолор,түстүү сүрөттөр,боектор,таратмалар

Сабактын жүрүшү: 1.Уюштуруу.3мин

Окуучуларга жагымдуу маанай уюштуруу :макал айтуу мен айтам алар улайт.

Окуучуларды 3 топко бөлөм 1.калптар .2.жаңылмачтар .3.макалдар.

Жооптор упай тегеректе менен бааланат ,ар бир туура жоопко упайлар берилет.

2.Үйгө берилген тапшырманы суроо.5 мин

Жаңылмачтарды жаттап келгенин айтып беришет. Суроолор берилет.

1.Эмнеге жаңылмач айтышат?

2.Жаңылмачтар ,табышмактар,макал-лакаптар кандай чыгармалар эле кана айткылачы?

Демек булар дидактикалык чыгармалар экен .Макалдар ,лакаптар ,табышмактар,жаңылмачтар бары акылмандуулукка тарбиялоочу ,элдик тарбия берүүчү чыгармалар экендигин билдиңер.

Бул жерде чачылган жаңылмачтар бар ошону ар бир топ жыйнайт .Жыйнап кандай жаңылмачтар экенин окуушат.

Эми балдар сабактын жүрүшүнө өзүбүз эреже чыгарып алалык .

Алтын эреже.

Кол көтөрүп сүйлөйбүз.

Ар бир ой баалуу.

Лайк басабыз.

Партадан туруп сүйлөйбүз .

Ушул эрежеден баш тамгаларды окусак кандай сөз чыкты ,кана окуйлу. Демек балдар Калп экен э.

Бүгүнкү өтө турган темабыз демек калптар экен ,жэ болбосо анын синоними апыртмалар .

3. 5-7мин . **Жаңы тема:**

**Апыртмалар .**

Илгери өткөн заманда ,

Болуптур сулуу таш бака

Дене боюн түзөнүп ,

Жөнөптүр гүлдүү бакчага.

сыланып жылтырак таз башын ,

Кумурска күтөт бакчада.

Ары -бери бир басат ,

кучагында рамашка.

Апыртмалар кара сөз түрүндө да,ыр түрүндө да айтылат,көбүнчө жорго сөз формасында кездешет.

Анда айтуучу турмушта болбой турган жана болбогон нерсени апыртып айтып берген .Бул балдар үчүн уккулуктуу болгон үчүн ,кызыктуу болгон үчүн апыртылып жаткандыгына мани бербей калышат.Ар нерсени рамантикалуу ойлогон жомоктор дүйнөсүндө жашаган, акыл токтото элек балдарга жаш курагын кабылдоосуна ылайык,апыртмаларды ойлоп чыгарган.

Алар негизинен төмөндөгүдөй тематикада :Аңчылыкка байланыштуу,курт –кумурскалар жөнүндө ,жаныбарлар жөнүндө кээде белгилүү бир буюм тайымдарга байланыштуу жаралган.

Апыртмаларга жорго сөздөр,кайталоочулук,суроолор ,үйкаштыктар мүнөздүү.

Кана балдар доскага карайлы илинген сүрөттөр менен кошо ырларын окуйбуз.

Чымчык союп сыртынан айыл алдым ,

Бирди союп ичинен майын алдым.

Аттые баска низине кайырмак салып ,

Үзүндүгү кырк кездей жайан алдым.

Ак серкени минип алып артка кеттим.

Көл баканын сөөгүн көпүрө кылып

көз жетпеген дайрадан ,ыргып өттүм.

Ийнеликти минип алып сонно куудум.

Үч күн жатып сонону коно куудум.

Жыгылып ийнеликтен бутум сынып,

Эми ийнелик минбеске тобо кылдым.

Балдар бир азга эс алып алалы, апыртмалар жаныбарлар жөнүндө болот экен а биз ошол жаныбарлар жашаган жерге баралы анда.

Дем алуу көнүгүүсү. 2мин

Ат сарайга барайын 2жолу (ордуунан чуркагандай болот)

Аттын жалын тарайын. 2жолу(колу менен сылагандай болушат.)

Уй сарайга барайын 2жолу

Жаныбардын бардыгын

Жакшы көрүп карайын.

## 4.Бышыктоо 10мин.

Үч топко тапшырмалар.

1 –топ кластер түзүшөт.

2-топ синквейн түзөт.

3-топ вендин диограммасын түзөт

## 5.Жыйынтыктоо.

суроо-жооптор

1.Апыртма угуп көрдүң беле?.

2.Эмне үчүн апыртмалар айтылга?

3.Жогорудагы айтылган жаныбарларга мүнөздөмө бергиле?

(кумурска,ийнелик,карышкыр ж.б)

6.Баалоо

Топто бааланат,алган упайлар эсептелет

7.Үйгө тапшырма

Жакындардын жардамы менен жаңы апыртма түзүп келгиле.

## Ийнелик менен киши

Чылбыр эштим чымчыктын чуудасынан,
Чылым кылдым чымындын кайышынан,
Калп жомок сиз да айтыңыз, мен да айтайын,
Ак дайра өтө чыктым туурасынан.
Чымчык союп, сыртынан айыл алдым,
Бирди союп ичинен майын алдым.
Аттын баскан жерине кайырмак салып,
Узундугу кырк кездей жаян алдым.
Ак серкени минип алып артка кеттим,
Көл баканын сөөгүн көпүрө кылып,
Көз жетпеген дайрадан ыргып өттүм.
Ийнеликти минип алып соно куудум,
Үч күн жатып сонону коно куудум,
Жыгылып ийнеликтен бутум сынып,
Эми ийнелик минбеске тобо кылдым.
Бир дөбөгө чыгыптыр бир топ ырац,
Ал дөбөнү жайлайт экен эки түрлүү аң,
Жарыктык чөбүн жебей, жерин жеди,
«Кудайымын» кудуретине болдум айран.





Чоң атамдын баскан изине көл токтоттум,
Көл токтотуп, кырк кулач балык алдым,
Балыгымдын жоон терисин тилип алдым.
Олтуруптур дегенде олтуруптур,
Карагайдын башына,
Кайнап-кайнап көл туруптур.
Бир кумурска менен бир карышкыр күрөшүп туруптур
Карышкырды кумурска өлтүрүптүр.
Кумурсканы кой кылып кумга жайдым,
Чегирткени ат кылып черге миндим.
Чегирткени куш кылып көл кыдырдым,
Чылым кылдым чычкандын куу башынан,
Чылбыр эштим торгойдун чуудасынан.
Бир торгойдон бир табак сөөк алдым,
Сөөгү менен көккө көпүрө салдым,
Башкасы калп болсо да ушунум чын.


2021/10/20 10:44



2021/10/20 10:43


2021/10/20 10:44


2021/10/20 10:26




Нацылмичтар



Каин
керемет-
туу
кызык-
туу
Бат
айтат.
так
суйлоет